Протокол №1

25.08.2022.

Катышты 50 ата-эне.

Каралуучу маселелер:

1. 5-8-10-класстарга информатика, кыргыз адабият жана биология сабактарына компоненттин берилиши.
2. Ижарага берилүүчү китептердин маселеси.
3. Билим берүүдөгү бирдиктүү форма.
4. Уюлдук телефонду окуучулар тарабынан чектелүү түрдө колдонуу.
5. Ысык тамакты уюштуруу.
6. Ата-энелер комитетин шайлоо.
7. Жол эрежелери. Зордук зомбулукту алдын алуу.
8. Ар кандай маселелер.

1-маселе боюнча окуу бөлүм башчысы Бейшекеева Ж.К. сүйлөдү: «2021-2022-окуу жылында 150 окуучу мектепти аяктап, 11 отличник, 48 ударник, билим сапаты 43% түздү. ОРТ, олимпиададан көрсөткүч болгон жок. Начар өздөштүргөн предметтерге компоненттерди берели . ПИЗА 2025 эл аралык кароо сынакка даярдануу керек. Сынакка 5-6-класстын 15 жаштагы балдары катышат. Ошол себептен 5-класска информатика сабагынан компонент берилүүсү зарыл. Компьютердик класс 15 компьютер менен жабдылган. Балдарга компьютерде иштегенге шарт түзүлгөн. Манас таануу боюнча балдардын билимин өнүктүрүү багытында 8-класска кыргыз адабият сабагынан компонент берүүнү сунуштайм жана экологияны коргоо жылына карата 10- класска биология сабагынан компонент берилди».

2- маселе боюнча мектеп директору Сайдинова Дж.Б. сүйлөдү: «Өткөн жылдагыдай 5,6,7,8,9-класстардын «Жаңы китеп» окуу китептерине 25 сомдон аренда төлөнөт. Китепканада китеп жетишсиз.
Кемин райондук билим берүү бөлүм башчысынын убактылуу милдетин аткаруучусу Шопокова Аида Бекташевна сүйлөдү: «Урматтуу ата-энелер китептердин жетишсиздигине байланыштуу биз сиздердин жардамыңыздарга муктажбыз. Демөөрчү издегенге аракет кылалы. Китеп алууга мүмкүнчүлүк жок болсо, аргасыз электрондук версиясын колдонууга болот».

3- маселе боюнча Кемин райондук билим берүү бөлүм башчысынын убактылуу милдетин аткаруучусу Шопокова Аида Бекташевна сүйлөдү: «Окуучулардын кийими Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-октябрындагы №704 токтому менен бекитилген «Балдар кийимдеринин жана бут кийимдеринин коопсуздугу жөнүндө» техникалык регламентте белгиленген талаптар менен ченемдерге ылайык болууга тийиш. Балдардын арасында бири-бирин кемсинтпөө максатында.
Мектеп директору Сайдинова Дж.Б. сүйлөдү: « 1-11-класстардын окуучулары үчүн мектеп формасы төмөндөгүдөй болуусу тийиш: үстү ак, асты кара, юбканын узундугу тизеден ылдый, классикалык типте болушу керек».

4-маселе боюнча Кемин райондук билим берүү бөлүм башчысынын убактылуу милдетин аткаруучусу Шопокова Аида Бекташевна сүйлөдү: « Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын ден соолугунун начарлашын алдын алууда №32-1608-протоколун аткаруу максатында, окуу процессинде уюлдук телефонду окуучулар тарабынан чектелүү түрдө колдонулсун. Мугалим окуучунун уюлдук телефонун колдонууга тыюу салууга укугу бар. Онлайн тесттерди алууда же жана башка кандайдыр бир зарыл учурда гана колдонууга болот. Келгиле урматтуу ата-энелер чектөө киргизели, балдарга мээрим төгөлү. Кыргыздын улуу педагогу Г.Мадаминовдун «Энелер мектеби» долбооруна активдүү катышууңарды суранып кетет элем».

5-маселе боюнча мектеп директору Сайдинова Дж.Б. сүйлөдү: «Урматтуу ата-энелер балдар мамлекет тарабынан бөлүнгөн 7 сомго тамак ичет».
Айыл өкмөт башчысы Абдрахманов Анвар Шерлиевич сүйлөдү: «Айыл өкмөт тарабынан ысык тамак берүүгө биздин мүмкүнчүлүгүбүз жок».

6-маселе боюнча ата-энелер комитетине 7 адам сунушталды. Ошонун ичинен төмөнкүлөр шайланды.

1.Кадырова Гүлзат

2. Дүйшенбаева Наркүл

3. Мурадилов Самат

4. Идирисова Майрам

5. Нурдөлөтова Наргиза

7- маселе боюнча Райондук ыйгарым укуктуу милиция кызматкери Осмонов Б.Т. сүйлөдү: «Урматтуу ата-энелер окуу жылы башталганына байланыштуу жол эрежелерин көңүл бурсак. Өтүп бара жаткан машиналарга балдарыңар таш ыргытпасын. Башталгыч класстын ата-энелери балдарыңыздарды мектепке келе жатканда жана мектептен тараганда дагы жол эрежесин айтып , өзүңүздөр коштоп көзөмөлгө алсаңыздар.
Ата-эне Балыкчиев Кенжебек сүйлөдү: «Биздин мектеп жолдун боюнда болгондугуна байланыштуу мектептин тушунда ГАИ кызматкерлери туруусун суранабыз».
Райондук ыйгарым укуктуу милиция кызматкери Осмонов Б.Т сүйлөдү: « Штат жетпейт, айыл өкмөткө арыз кат жазыңыздар , андан кийин айыл өкмөтү тиешелүү органдарга кат жибериш керек».
Ата-эне Балыкчиев Кенжебек сүйлөдү: « Бардык ата-энелер кол чогултуп, тиешелүү органдарга берели».

Райондук ыйгарым укуктуу милиция кызматкери Осмонов Б.Т сүйлөдү: «Азыркы учурдагы балдарыбыз кабылып жаткан кооптуу кырдаалдарды алдын алуу үчүн биргеликте иш алып баралы. Ата –эне, мектеп жана биз. Кош бойлуулук , зордук зомбулук , кыз балдардын өмүрүнүн коопсуздугун, үй-бүлөңүздөрдө кол көтөрүү сыяктуу зордук зомбулуктардан алыс бололу».
Кемин Райондук ыйгарым укуктуу милиция кызматкери Бейшеев Турсунбек сөз сүйлөдү: «Ата-энелердин балдарга болгон мамилеси кайдыгер. Балдарга көзөмөл кылыңыздар телефон аркылуу алдамчылыкка дуушар болуп жатышат, кыздарга болгон зордук

зомбулук көбөйүүдө, ошондуктан кечинде саат 20:00 дөн кийин балдарыңыздарга өзгөчө көзөмөл кылууңарды өтүнүп кетер элем».

8-маселе боюнча мектеп директору Сайдинова Дж.Б. сүйлөдү: « Мектептин эски имаратына капиталдык ремонт жүргүзүлдү. Окуу үчүн балдарыңыздарга бардык шарт түзүлдү».

Айыл өкмөт башчысы Абдрахманов Анвар Шералиевич сүйлөдү: «Эски мектептин капиталдык ремонту терезе, пол баары жараксыз абалда болгон, алмаштырылды. Өзүбүз проект жазып өткөрдүк».

Чечим:

1. Ата-энелердин сунуштары бирдиктүү болуп, чечим кабыл алынды.
   а) 5-класс 1 саат компоненти информатика сабагына берилсин.
   б) 8-класс 1 саат компоненти кыргыз адабият сабагына берилсин.
   в)10-класс 1саат компоненти биология сабагына берилсин.
2. 5,6,7,8,9-класстардын жаңы китептердин арендасына 25 сом төлөнсүн.
3. Окуучулардын кийими белгиленген талаптарга ылайык сакталсын.
4. Окуу процессинде уюлдук телефонду окуучулар тарабынан чектелүү түрдө колдонулсун.
5. Балдарга ысык тамак ата-энелер тарабынан көзөмөлгө алынсын.
6. Баардык ата-энелердин бир добушу менен ата-энелер комитетине төмөндөгүлөр шайлансын
   1. Кадырова Гүлзат
   2. Дүйшенбаева Наркүл
   3. Мурадилов Самат
   4. Идирисова Майрам
   5. Нурдөлөтова Наргиза

7.Зордук зомбулук , жол коопсуздугун ата-энелер тарабынан үзгүлтүксүз көзөмөлгө алынсын.

Тарбия завучу: [signature] А.М. Кодырова.